КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ – АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР – КОРГОН РАЙОНУ
Ж.БӨКӨНБАЕВ АТЫНДАГЫ
ГИМНАЗИЯ – ЖАТАК МЕКТЕБИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ – АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР – КОРГОНСКИЙ РАЙОН
ШКОЛА ГИМНАЗИЯ - ИНТЕРНАТ
ИМЕНИ Ж.БОКОНБАЕВА

# Буйрук

**05.09.2022-ж** **№ 95/3** **Базар-Коргон шаары**

**"Мектептин окуучуларынын тамак – ашын уюштурууну көзөмөлдөө" боюнча комиссия түзүү жөнүндө"**

Буйрук кыламын:

Тамак берүүдө,тамак – ашын уюштурууда коомдук талдоо үчүн,тамактануу графигинин так сакталышын,тамак берүүдөгү эрежелердин толук сакталышын,тамак – аштын сапаттуулугун көзөмөлдөө үчүн төмөнкү курамда комиссия түзүлсүн:

1.Манас уулу Майсалбек – мектептин профкому,комиссиянын төрагасы:
2.Парпиева Нургүл – организатор,комиссия мүчөсү:
3.Абдалимов Анарбек – чарба жетекчиси,комиссия мүчөсү:
4.Нарынбаев Кумар – улуу тарбиячы,комиссия мүчөсү:
5.Арстанбек кызы Кызсайкал – мед. айым,комиссия мүчөсү:

Мектеп директору; Т. Оморов

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ – АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР – КОРГОН РАЙОНУ**
**Ж.БӨКӨНБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**ГИМНАЗИЯ – ЖАТАК МЕКТЕБИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ – АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР – КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ШКОЛА ГИМНАЗИЯ - ИНТЕРНАТ**
**ИМЕНИ Ж.БОКОНБАЕВА**

# Буйрук
# Приказ

**02.09.2022-ж** **№ 96/5** **Базар-Коргон шаары**

**«Мектепте жатаканада жаткан балдарга тамак берүүдө"Брокераждык комиссия" түзүү жөнүндө»**

Буйрук кылам:

Тамак-аш берүүдө ашкананын иштерине көзөмөл жүргүзүп,тамак даярдоочу бөлмөнүн тазалыгын,идиш-аяктын,азык-түлүктүн технологиялык картасын,менюнун түрдүүлүгүн текшерүү максатында төмөнкү курамда комиссия түзүлсүн:

1.Нарынбаев Кумарбек – улуу тарбиячы,комиссиянын төрагасы.
2.Шабданова Нурия – соц.педагог,комиссия мүчөсү.
3.Акимбаева Зияда – повар,комиссия мүчөсү.
4.Арстанбек кызы Кызсайкал – мед.айым,комиссия мүчөсү.
5.Токторалиев Замирбек – ата-эне,комиссия мүчөсү.

Мектеп директору: Т.Оморов

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ ПРАВИТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*г.Бишкек, от 7 апреля 2015 года № 200*

## О внесении изменения и дополнения в постановление Правительства Кыргызской Республики "О денежных нормах питания в учреждениях социальной сферы" от 15 января 2008 года № 7

В целях социальной защиты воспитанников школ-интернатов общего типа, в соответствии со статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики "О Правительстве Кыргызской Республики" Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики "О денежных нормах питания в учреждениях социальной сферы" от 15 января 2008 года № 7 следующие изменение и дополнение:

в приложении к вышеназванному постановлению:

- пункт 2 изложить в следующей редакции:

"

| | | |
|---|---|---|
| 2 | В общеобразовательных школах-интернатах общего типа (кроме санаторных) | 60 |

";

- дополнить пунктом 2-1 в следующей редакции:

"

| | | |
|---|---|---|
| 2-1 | В профессионально-технических учебных заведениях (включая учащихся, находящихся под опекой (попечительством) | 30 |

".

2. Министерству образования и науки Кыргызской Республики:

- расходы, связанные с реализацией пункта 1 настоящего постановления, производить в пределах бюджета министерства, предусмотренного на соответствующий год;

- принять необходимые меры, вытекающие из настоящего постановления.

3. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

*Опубликован в газете "Эркин Тоо" от 14 апреля 2015 года N 31*

4. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на отдел образования, культуры и спорта Аппарата Правительства Кыргызской Республики.

**Премьер-министр Кыргызской Республики** **Дж.Оторбаев**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

# ТОКТОМ

2008-жылдын 15-январы № 7

## Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө

*(КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 9-февралындагы № 37, 2011-жылдын 8-сентябрындагы № 537, 2012-жылдын 12-январындагы № 30, 2013-жылдын 10-июнундагы № 331, 2014-жылдын 21-июлундагы № 404, 2015-жылдын 7-апрели № 200, 2015-жылдын 6-июлу № 451, 2016-жылдын 27-декабрындагы № 701, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-декабрындагы № 358, 2022-жылдын 29-июлундагы N 405 токтомдорунун редакциясына ылайык)*

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 3-декабрындагы № 528 "Кыргыз Республикасынын жарандарын кошумча социалдык колдоо чаралары жөнүндө" Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2008-жылдын 1-январынан тартып социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын эсептик акчалай нормалары тиркемеге ылайык белгиленсин.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин аткаруу процессинде каражат болгон учурда чекене баалардын өзгөрүшүн эске алуу менен тамак-ашка сарптоолордун акчалай нормаларын индексациялоого укук берилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2008-жылга республикалык бюджетте тамак-аштын акчалай нормаларынын өзгөрүшүнө байланыштуу кошумча сарптоолорду карасын.

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги 2008-жылдын 1-февралына чейин белгиленген тартипте төмөнкүлөр жөнүндө нускамаларды иштеп чыксын жана бекитсин:

- республикалык бюджеттен каржылануучу мектепке чейинки мекемелерде балдарды күтүүгө ата-энелерден төлөнүүчү акыны эсептөө жана алуу тартиби жөнүндө;

- интернат мекемелеринде балдарды күтүүгө ата-энелерден төлөнүүчү акыны эсептөө жана алуу тартиби жөнүндө.

5. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- "Жалпы типтеги жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттарда балдарды күтүү үчүн ата-энелердин төлөмдөрүнүн өлчөмдөрү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 15-июлундагы № 310 токтомунун 3 жана 4-пункттары;

- "Жалпы типтеги жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттарда балдарды күтүү үчүн ата-энелердин төлөмдөрүнүн өлчөмдөрү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылдын 15-июлундагы № 310 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү

тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 9-октябрындагы № 419 токтомунун 1-пунктунун үчүнчү-төртүнчү абзацтары;

- "Социалдык-маданий мекемелерде тамактануунун нормалары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 31 -июлундагы № 510 токтому;

- "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана күчүн жоготту деп табуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 27-августундагы № 377 токтомунун 1-пункту;

- "Социалдык-маданий мекемелерде тамактануунун нормалары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 31-июлундагы № 510 токтомуна толуктоо киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 31-октябрындагы № 528 токтому.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Премьер-министри** **И.Чудинов**

Кыргыз
Республикасынын
Өкмөтүнүн 2008-
жылдын
15-январындагы
№ 7 токтомуна
тиркеме

**Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-ашка чыгымдардын акчалай НОРМАЛАРЫ**

*(КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-сентябрындагы № 537, 2012-жылдын 12-январындагы № 30, 2013-жылдын 10-июнундагы № 331, 2014-жылдын 21-июлундагы № 404, 2015-жылдын 7-апрели № 200, 2015-жылдын 6-июлу № 451, 2016-жылдын 27-декабрындагы № 701, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-декабрындагы № 358, 2022-жылдын 29-июлундагы N 405 токтомдорунун редакциясына ылайык)*

бир күнгө сом менен

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Балдардын тамак-ашына эсептөө нормалары: | |
| а) | балдар яслилеринде жана бакчаларда төмөнкү курактагылар үчүн:<br>- үч жашка чейин 9-10 саат болуучуларга | 13 |
| | 12-24 саат болуучуларга; | 18 |
| | - үчтөн жети жашка чейин:<br>9-10,5 саат болуучуларга | 18 |
| | 12 саат болуучуларга | 20 |
| | 24 саат болуучуларга | 22 |
| б) | санаторияларда, мектепке чейинки мекемелерде төмөнкү курактагы балдар үчүн: үч жашка чейин | 22 |
| | үчтөн жети жашка чейин | 28 |
| 2. | Жалпы типтеги жалпы билим берүүчү мектеп-интернаттарда (санаториядан тышкары) | 60 |
| 2-1. | Кесиптик-техникалык окуу жайларда (камкорчулукка (көзөмөлчүлүккө) алынган окуучуларды кошкондо) | 30 |
| 3. | Атайын интернаттарда жана мектептерде | 220 |
| 4. | Санаториялык типтеги мектеп-интернаттарда: - мектепке чейинки курактагы балдар үчүн | 29 |
| | - мектеп курагындагы балдар үчүн | 110 |
| 5. | Атайын орто музыкалык жана көркөм-өнөр мектептеринин алдындагы мектеп-интернаттарда | 110 |
| | - Мукаш Абдраев атындагы республикалык атайын орто музыкалык мектеп - интернаты үчүн | 150 |
| 6. | Балдар үйлөрүнүн тарбиялануучулары үчүн | 220 |

| | | |
|---|---|---|
| | - бардык типтеги мектеп-интернаттардагы багуусуз (камкордуксуз) жетим балдар үчүн | 220 |
| 7. | Орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окуган жетим балдар үчүн; | 50 |
| | Башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын жетим балдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана реабилитациялык топтордогу окуучулары үчүн; | 110 |
| | Жайкы ден соолукту чыңдоочу, эс алуу мезгилинде Ош шаарындагы "Барчын" санаторий-профилакторийинде жана Ысык-Көл облусунун Кош-Көл айылындагы № 85 кесиптик лицейинин базасында башталгыч кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын жетим балдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана башка социалдык жактан аялуу категориялардагы окуучулары үчүн | 200 |
| 8. | Ч.Базарбаев атындагы Бишкек хореографиялык окуу жайы үчүн | 160 |
| | *(КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-сентябрындагы № 537 токтомунун редакциясына ылайык күчүн жоготту)* | |
| | Ш.Сыдыков атындагы Республикалык олимпиялык окуу жайы үчүн | 213 |
| 9. | Багууда (камкордукта) турган студенттер жана окуучулар үчүн (окуу процессинин мезгилинде) | 18 |
| 10. | Олимпиадаларды, слетторду, жыйындарды, кароолорду, конкурстарды жана башка иш-чараларды өткөрүүдө спортсмендер жана катышуучулар үчүн:<br>- спортсмендер үчүн (орточо)<br>- башка катышуучулар жана калыстар үчүн | <br><br>83<br>55 |
| 11. | Мелдештердин жана мелдештерге даярдануу боюнча окутуу-машыктыруучу жыйындардын катышуучулары жана спортсмендер үчүн: - райондук спорттук мелдештер (бардык катышуучулар жана калыстар үчүн) | 68 |
| | - облустук спорттук иш-чаралар (бардык катышуучулар жана калыстар үчүн) | 90 |
| | - республикалык спорттук иш-чаралар, мамлекеттер аралык мелдештерге даярдоого байланыштуу атайын жыйындар, мамлекеттик спорттук иш-чаралар: спортсмендер үчүн | 109 |
| | башка катышуучулар үчүн | 83 |
| | - эл аралык мелдештерге, эл аралык спорттук иш-чараларга даярдоо боюнча окутуу-машыктыруу жыйындар: спортсмендер үчүн | 250 |
| | башка катышуучулар жана калыстар үчүн | 210 |
| | - мамлекеттик жана эл аралык спорттук мелдештерге баруучу окутуу-машыктыруу жыйындарга катышуучу-спортсмендер төмөнкүлөр менен камсыздалат: фармакологиялык калыбына келтирүү каражаттары | 120 |
| | витаминдер жана белок-глюкоза препараттары | 145 |
| 12. | Саламаттык сактоо мекемелери үчүн | 41ден аз эмес |

| | | |
|---|---|---|
| 13. | Саламаттык сактоо системасынын Балдар үйү үчүн | 220 |
| | ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдардын жана өспүрүмдөрдүн реабилитациялык борборлору үчүн | 220 |
| | балдардын психоневрологиялык реабилитациялык борборлору үчүн | 220 |
| 14. | Социалдык мекемелер үчүн тамак-аштын эсептик нормалары: улгайган жарандар жана майыптар үчүн жалпы типтеги үй-интернаттарында | 200 |
| | чоң кишилер үчүн психоневрологиялык үй-интернаттарында | 200 |
| | балдар үчүн | 220 |
| | Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлигинин алдындагы Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды реабилитациялоо борборунун ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдары үчүн | 200 |

Эскертүү. Муниципалдык мекемелер тамак-аштын ушул нормаларын жетекчиликке алат.

**Кыргыз Республикасынын**
**Өкмөтүнүн**
**Аппарат жетекчиси – министр** **М.Исмаилов**